С (кирг)
С — 63

# ТОО ЖЕЛИ

АНАШ СООРОНБАЕВ



„КЫРГЫЗСТАН“
1974

АНАШ СООРОНБАЕВ

# ТОО ЖЕЛИ

Ырлар

3144ис

К

37919

РАЙОННАЯ БИБЛИОТЕКА

38096 иск б-1

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ
Фрунзе 1974-жыл

с (Кирг.)
С 63

Сооронбаев Анаш

Тоо жели. Ырлар. Ф., „Кыргызстан", 1974.

С 63

28 бет.
16,5 см. 2500 экз. 9 т.

Анаш Сооронбаевдин ырлары республикабыздын газета-журналдарынын осттеринде жарыяланып жүрөт Анын алгачкы эмгеги болуп эсептелеген бул жыйнакка ата-мекен, эл достугу жана сүйүүгө арналган ырлары кирди.

Сооронбаев Анаш

Горные ветры. Стихи.

С (Кирг.)

743—148
М 451 (17)—74 189—73

7—4—3

© Издательство „Кыргызстан". 1974 г.

## ЛЕНИНГЕ

Ленин менин жашап жаткан үйүмдө,
Ленин менин чексиз терең сүйүүмдө.
Ленин менен оозмо-ооз сүйлөшүп,
Ленин менен учурашам күнүгө.

Ленин баштан, ар бир ишке демилге,
Шыктандырып, ышкы арттырат көңүлгө.
Кеңеш сурап, келечекке жол издеп,
Ленин менен бир жүргөнсүйм өңүмдө.

## ПАРТИЯ

Таттуу турмуш таалай берип калкыма,
Барган сайын бакыт кенчин арттыра.
Жеңиштерден жеңиштерди жаратып,
Алга бизди шыктандырат партия.

Батпас күндөй бакыт берген калкыма
Сенсиң, улуу Коммунисттик партия.
Канат сермеп алга кеткен экенбиз.
Карап көрсөм мен кылчайып артыма.

Компартия багыттоочу маягым,
Анын даңкын ай-ааламга жаямын.

Ата-Журтум айтчы кандай ишиң бар,
Аны өтөөгө мен дайыма даярмын!

## СЫЙМЫКТАНАМ

(Кыргызстандын 50 жылдык юбилейине)

Кандай учкул канаттуу биздин заман,
Карап баары таң калат бүткүл аалам.
Билбегенди билдирип, жаңыны ачып,
Билим, өнөр биригип ташкындаган.

Алга көздөй адымдап биздин заман,
Алыс калды бүлбүлдөп эски караан.
Санжырасын элимдин бир күндөгү.
Салыштырып айтууга жетпейт чамам.

Алкыш сага, советтик баатыр адам,
Айга-күнгө кадамын багыттаган.
Ушул күндө төрөлүп өскөнүмө,
Ушунчалык кубанып, сыймыктанам.

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ АНТ

Көкүрөгүм кере дем алып,
Рахаттанам тууган жериме.
Өз койнуңдан жашоо мен алып,
Жылынамын ысык демиңе.

Кайда жүрсөм сактап көңүлгө,
Жүрөгүмдү бийлеп сагыныч.
Ар бир ишке берип демилге,
Сүйкүмдүүсүң мага табылгыс.

Мээримиңе чулгап сезимди,



Мен сен үчүн кызмат этемин!
Ажал жетип жумсам көзүмдү,
Сүрөтүңдү тарта кетемин.

## АК КАЛПАК КИЙГИЗГЕНДЕГИ ЫР

Ак пейилден арналып сый тартылар,
Ар улуттун ардакталган салты бар.
Алыс сапар жолго чыксак биздин эл,
Ак жол каалап узатышат: «жакшы бар!»

Акыл айтып жол баштаса кеменгер,
Аттанышкан намыска бек берендер.
Анда дагы ата салтын колдошуп,
Коштошушкан: «эсен барып, эсен кел!»

Алыс жактан мейман келсе аттанып,
Адеп менен ата салтын аткарып,
Адал колдон нан, туз берип, ак берип,
Айыл ичи тосуп алган шаттанып.

Ыйык сактап ата-баба салттарын,
Ала келдик айтылуу ак калпагын.
Кийип жүр, дос, элестетип кыргыздын,
Ала-Тоосун, ак пейилин, ак карын!

## УЛУУ МАКСАТ

Алыстыктар, мейкиндиктер, кеңдиктер,
Тартып мени кучагына чакырат.
Тайманбастык, кужурмөндүк, эрдиктер...
Менин доорум мына ушундай бакыбат!

Заманамдын шаңдуу чыгып дүбүртү,
Ойготууда бүт дүйнөнү аралап,

Менин элим эң бактылуу жүргүнчү,
Эл бактысын кимдер тартып алалат?!

Менин өлкөм жаңылыкты жаратып,
Өсүштөрдүн ченемине сан жетпейт.
Жер шарына тынчтык, бакыт таратып,
Жеңиштердин байрактары желбирейт.

Улуу күч бар компартиям баштаган,
Улуу даңктын барактарын ачалы.
Улуу Ленин идеясын туу кылып,
Бакыт нурун бардык элге чачалы!

## МЫКТЫЛАРДЫН МЫКТЫСЫ

Таң атууга калган эле азыраак.
Алтын түстүү чолпон жылдыз чачырап,
Көчө толуп эл баратат топурап.
Тереземе жакын келип тыңшасам,

Шашып чыгып, мен да жеттим аларга,
Шайлоо үйгө эми кирип барарда,
Толкуп кеттим, шаттык каптап денемди,
Эң биринчи бюллетенди аларда.

Мен шайладым, ак алтындын устатын,
Мен шайладым, мекенимдин уул-кызын,
Аткарат деп эмгекчи элдин максатын.
Бек кармаган гүл турмуштун туткасын.

Нур заманда болуп учкул канатчан,
Акыл-ойдон асылдарды жараткан.
Мен шайладым, мекенимдин уул-кызын,
Бек кармаган гүл турмуштун туткасын.



## ЖАЙЛОО ЭЛЕСИ

Эркечтер баштап, кой чубап,
Ээрчишип ойноп эчки-улак.
Эстесем жайлоо аземин,
Элеси көздө шак турат.

Тескейден аккан мол булак,
Денесин ташка ургулап.
Өзгөчө назик үн менен,
Өзүнчө жатат ыр курап.

Керме тоо көөшүп кечки убак,
Керимсел согуп бет сылап.
Ачылат адам көңүлү.
Аңкыган атыр жыт бурап.

Аңгыча болбой түн кирет,
Ак калпак тоолор үргүлөп,
Түндүгүн түрүп таң атса,
Саламын айтып күн күлөт.

## БЕЛЕГИМ КЫРГЫЗ КОМУЗУ

Чертилип тийсе кол учу,
Дирилдейт назик добушу.
Энсеген болгар досума,
Белегим — кыргыз комузу.

Ичинде сыры катылуу,
Ичектен кылы тартылуу,
Тарыхы — дастан оюлгус,
Илгертен бери айтылуу.

Мурасы ата бабамдын,
Мусанын, Атай агамдын,

Күүлөрүн чертип берейин,
Көңүл бур, досум, ук алдын

**КҮРДӨӨЛДҮҮ КҮЗ**

Үйдө олтурсам бир сонун жыт жыттанат,
Кайдан келет? Көңүл толкуп шаттанат
Тартуу кылып үй толчудай береке,
Алып келдим ал дегендей байкалат.

Терезеден шамал согуп аркырап,
Көңүлүмдү кубанычка толтурат.
Сүйүнөмүн, шаттык каптайт өңүмдү,
Мен укчудай зор жаңылык барчылап.

Туура, туура зор жаңылык бар тура,
Байлык, кенчке идиштерин толтура.
Таңкы желден элге кабар айттырып,
Күз келиптир бардык жүгүн артына.

Ал күтпөсүн. Жетели жүр тезирээк,
Белектери берекелүү сезилет.
Мына ушундай күрдөөлү күч күз айы,
Ар жыл сайын жеңиш менен кезигет.

**КӨЛ СИМФОНИЯСЫ**

Жүрөк сырын эргитип,
Черин жазган көңүлдүн.
Салтанаты түгөнгүс,
Сары-Челек көлүмдүн.

Асман кайсы, көл кайсы,
Айырмасы билинбейт.



Асман да көк, көл да көк,
Бирин бири сиңирбейт.

Тийип качып эрке жел,
Көлдүн үстүн саймалайт,
Түрмөктөлгөн ак толкун,
Аска боорун аймалайт.

Тамчы суусу тамшантып,
Мүрөгүндөй өмүрдүн,
Салтанатын көрүп кет,
Сары-Челек көлүмдүн.

**ЧЕР**

«Аягы Ак-Суу, башы Чер,
ааламда жоктур мындай жер...»
*Жеңижоктон.*

Койгондой коодукка тегиз бөлөп,
Асмандан ашык болуп күн нуру өбөт.
Атайын арзып, Черди көргөн жандын,
Көңүлү көтөрүлүп, болбойт чөгөт.

Суктанып сугун тартып сулуу Черим,
Адамды кумарлантып, жазат черин.
Денеме кубат жыйнап, чыйралууга,
Быйыл жай эс алууга сага келдим.

Эргитип көңүлүмдү эркелеттиң,
Чер жазып, ойноп күлдүм. Мээриң төктүң.
Өзүңдөн өмүрүмө өмүр кошуп,
Келерде жеңил келип, оор кеттим.

## ЭМГЕК ЖАШАЙТ

Жаңыны жаратууга кадам таштап,
Иш кылсаң үрөп күчүн, чеке тердеп,
Из салып мезгилдерден мезгилдерге,
Бир гана жашап калат улуу эмгек!

Умтулуп үйрөнүүгө бул турмушту,
Урунсаң максат коюп, көптү дегдеп,
Айтылып сан миңдеген эл оозунда,
Бир гана жашап калат улуу эмгек.

Асыл ой чоң сапарга аттандырып,
Аракет каршылыктын баарын жеңмек.
Анда да түбөлүккө өчпөс болуп,
Бир гана жашап калат улуу эмгек!

## ЖАЗДЫН КҮНҮ

Тал, теректин жалбырагы шуудурап,
Таңкы желге музыкасын чалышат.
Жан дүйнөңдү кытыгылап чулдурап,
Тээ ар жактан торгойлор үн салышат.

Жаздын таңы бир өзүнчө керемет,
Кыйкырышат үнүн созуп короздор.
Жазгы жамгыр күмүш нурун себелеп,
Көзгө элестейт эң алгачкы бороздор.

Карт дыйкандын толкунданып жүрөгү,
Эмгек десе элден мурун шашылат.
Үйү калып, талаа болуп түнөгү,
Үрөн жерге түшкүчөктү ашыгат.

Мына ушундай жаздын таңы түйшүктүү,
Адамдарды чоң максатка жетелеп,



Үчурунда эсепке алып түйшүктү.
Кайра күздө төлөп берет эселеп.

## ТОЛКУ ЖҮРӨК

Толку, жүрөк, толку, жүрөк,
Ашыгалы, бол ылдам!
Азгырышат кээ бирөөлөр,
Артка тартып колумдан.

Толку, жүрөк, толкун жиреп,
Татаалдыкты каршы алып,
Далай адам даай албаган,
Дабандардан ашалык!

Толку, жүрөк, толкун жиреп,
Токтолбостон кетели!
Ак кар, көк муз мекендеген,
Ашуулардан өтөлү!

Толку, жүрөк, толкун жиреп,
Кыйындыкты жеңели!
Жаштык күчтөн жалын чачып,
Алга адымдай берели!

Толку, жүрөк, толкун жиреп,
Катаалдыктар багынсын!
Сен өтөгөн асыл иштин,
Өчпөс оту жагылсын!

## ЭНЕ

Турмуштун гүлү энебиз,
Деп ырдап дайым келебиз.
Бирок да чынын айтканда,
Бир жактуу маани беребиз.

Эненин залкар иши бар,
Эненин талбас күчү бар.
Ээси жок кээ бир эргулдар,
«Эненин алдап күчүн ал».

Деп айтып жанды күйгүзөт,
Өзүнө наалат тийгизет.
Ошентип турса эненин
Ак пейилин кантип ийгизет.

Ойлонуп көрсөк оболу,
Энени алдоо болобу.
Эске алсак турмуш чындыгын,
Энелик намыс жогору.

Ансыз да эне бала дейт,
Ак сүтүм эмгин кана дейт.
Азамат болуп өссүн деп,
Ар дайыма ойлоп, санаа жейт.

## КЫЛЫМ АРЫМЫ

Айкашып өнүгүүлөр, ойлонуулар,
Ишке ашып илим менен ой жоруулар.
Тез кетип техникалык өсүш жолу,
Акылда токсон тогуз толгонуулар.

Ачылып изденүүдөн табылыштар,
Алынды Ай тараптан жаңылыктар.
Жалындап учуп барат биздин мезгил,
Сүрүлүп бир кылымга карылыктар.

## ЭЛЕСТЕТЕТ АК ТАҢДЫ

Жаштыктын сүйүү отун жалындаткан,
Ал күндөр түк кайрылгыс артта калды.



Эстесем сүйкүм жүзүң жарк дей түшөт.
Көзүмө элестетип аппак таңды.

Удургуп кээ күндөрдө уяң сезим,
Уч-түпсүз кыялдарга чөмүлчү элек.
Күн болуп бир заматта теребелге,
Нур болуп кайра жерге төгүлчү элек.

Ой менен ишенимди данакерлеп,
Алыскы келечекти болжошчу элек.
Акылды бир чекитке токтото албай,
Асманда жылдыздарга кол созчу элек.

Эңсөөлөр эки башка жакты карап,
Тагдырлар эки жакка кетти тарап!
Антсе да аруу сезим, ак сүйүүлөр,
Түбөлүк жүрөктөрдө жашап калат!

Жаштыктын сүйүү отун жалындаткан,
Ал күндөр кайрылбастан артта калды.
Эстесем сүйкүм жүзүң жарк дей түшүп,
Көзүмө элестетет аппак таңды!

## МЕН КЫРСЫКТЫ ЖЕҢГИМ КЕЛЕТ

Мен кырсыкты жеңгим келет түбөлүк,
Эркүүлүктүн кайратына бүлөнүп.
Доско жагып, душманымды ардантар,
Эмгек калса элим эстеп жүрөрлүк!

Мен кырсыкты жеңгим келет түбөлүк,
Өжөрлүктү Алыкулдан үйрөнүп.
Бардыгына ыраазы элем турмуштун,
Эмгегимден эгер чыкса гүл өнүп!

## МЕНИН КАТАМ

Мен олтуруп кеткен күнүм санадым,
Сымап сымак өткөн экен жаштык кез.
Начар болуп алдыга койгон талабым,
Көп буйдалдым, аракетим тартып кеч.

Ал кездеги кетирген көп катамды,
Азыр минтип ондой албай жатамын.
Не дейт элем?
Турмуш берсин жазамды!
Эми болбойт!
Башка жолдо басамын,
Кызык кездер кыйла кыйгап кетсе да,
Эсте калган элестерим жазамын.
Жок дегенде азыноолук иш кылбай,
Мен ошого капа болуп жатамын.

## СЕНИ ЭСТЕП

Көлдөрдөн ак куу көрсөм сени эстеймин,
Көксөткөн көркөмүңдү элестеймин.
Негедир сеникине түк окшошпойт,
Канчасын көрсөм дагы каректердин.

Сүйүүнүн баркын анык сүйгөн билет,
Отуна алоолонуп күйгөн билет.
Өмүрүн биротолу сүйүүгө арнап,
Жабыркап жалынында жүргөн билет.

Махабат илебинен жалын шилеп,
Үшүгөн жүрөгүңдү жылытайын,
Сен үчүн күчүмдү үрөп, толкун жиреп,
Үзүлгөн үмүт жибин кайра улайын.



## БУЛАР МЕНДЕ

Колумда туткасы бар жеңүүлөрдүн,
Көзүмдө дүрбүсү бар көрүүлөрдүн.
Шаңы бар жүрөгүмдө эргүүлөрдүн,
Көөнүмдө ачкычы бар сергүүлөрдүн!

Чеги бар ойлоонун да, жыргоонун да,
Таң атып, күн менен түн алмашкандай.
Өмүрүм келе жатат күрөш менен,
Алыкул оору менен таймашкандай.

Жетүү үчүн алдыдагы максаттарга
Таймануунү билбестен күрөшөмүн.
Өкүттө өткөрбөөгө ниеттенем,
Өмүрдүн мындан аркы келечегин!

## АППАК

Ана көрчү, айлана аппак, кар аппак,
Ак ниеттүү адам аппак, нан аппак.
Чындык аппак, чыныдагы сүт аппак,
Чын жүрөктөн сүйүп алган жар аппак.

Бала аппак, талаадагы гүл аппак,
Тилек аппак, адамдагы дил аппак.
Асыл ишке аттандырган адамды
Кандай сонун, кандай сонун ушул чак!

## ЖЫЛДЫЗДУУ ЫР

Жылдыздуу ыр жүрөккө жакын келет,
Жылдыздуу ыр адамга акыл берет.
Жылдыздуу ыр капанды тең бөлүшүп,
Жылдыздуу ыр шаттыктын нурун себет.

Жылдыздуу ыр көңүлдүн жарпын жазат,
Жылдыздуу ыр жүзүңдү жаркылдатат.
Жылдыздуу ыр жүрөктөн түнөк издеп,
Безентип комуз үнүн шаңкылдатат.

Кел досум, чын жүрөктөн сырдашалы,
Ыргактуу комуз үнүн тыңдашалы.
Эмгектин шаңы менен эргип, толкуп,
Эртеңки күндөр үчүн ыр жазалы!

**КӨЛГӨ КЕЛЕРИМДЕ**

Мен көлгө келгенимде толкуп келем,
Атактуу акын агам Алыкулдай.
Көргөндө токтоо бербей толкуйт денем,
Көөдөндөн көптөгөн ырлар агылчудай.

Мен көлгө келеримде ырдап келем,
Ак таңдай Жоомарт агам ырдагандай.
Суусуна чөмүлгөндө жыргайт денем,
Кубаныч бүт боюма сыйбагандай!

Мен көлгө келеримде күлүп келем,
Шаршендин жоруктары эске түшүп,
Көлүмдүн ар тамчысын, сүйүп келем,
Көңүлгө көкөлөгөн кыял күтүп.

**АЛП ТООЛОР**

(*Акын С. Эралиевге*)

Тоо болду менин ынагым,
Тоолордун сырын сурадым.
Көчүшүм тоол көп жуттум,
Тоолордун тунук булагын.



Тоо менен келет кеңешким
Тоолорго келет теңешким.
Тоолорго айтып сырымды
Тоо койнунда мен өстүм.

Тоолордо кылым сыры бар,
Тоолордун толгон ыры бар.
Тоосундай бийик намыстуу,
Тоолуктун кызын сүйүп ал.

Тиктесең ана сан тоолор,
Титандай сүрдүү алп тоолор!
Тик карап мезгил кыйырына
Тирешип турат ал тоолор!

**АКЫН ЖАНА АКЫЛМАН**

Ачылбаган аалам сырын камтыган,
Акыйкатчыл сөз жаралат акылдан,
Жаттап алып тоо жаңырта таңшыган,
Жан сергиткен ыр жаралат акындан.

Калка кылып калың элдин мүдөөсүн,
Кара кылды как жара алат акылман,
Акын болсо түнөк издеп жүрөктөн,
Эртеңкиге сөз берметин калтырган.

**ТҮШҮМДӨ КӨРДҮМ**

Түшүмө кирдиң сен нур болуп,
Көзүмө перидей көрүнүп.
Булбулдай багыма бир конуп,
Түшүмө кирдиң сен нур болуп.

2—2628
37919
...районная БИБЛИОТЕКА

Кубулжуп күкүктөй сайрадың.
Жаштыкты көөнөрбөс ыр кылып.
Сезимдин кайрыгын тандырып
Кубулжуп күктөй сайрадың.

Ачылган гүл болуп жайнадың,
Атырдай жыт чачып буркуруп.
Сыр айтып, сенден көп сыр сурап,
Бирок, да мээриңе канбадым!

## ТУРМУШ

Турмуш деген — ал өзүнчө сыналуу
Турмуш деген — чечүү, кайра чыңалуу.
Турмуш деген — жаш кезинде жалындап,
Акырындап кыл чокуга чыгаруу...

Турмуш деген — ал тынымсыз машыгуу,
Кеңешин ук, акыл айтса жашы, улуу.
Акыр түбү ишенимден айрытат,
Айтпай сырды бир биринен жашыруу.

Турмуш деген токтоосу жок улануу,
Жок нерседен бар жаратып куралуу.
Турмуш деген тирүү кезде шоктонуп,
Бийиктерден бийиктерге куланууу...

## КӨРДҮҢ БЕКЕН

Түштүктү көрдүң бекен көрдүң бекен,
Кактанып аптабына көндүң бекен.
Кара каш, сайма топу кыздарына,
Суктанып көңүлүңдү бөлдүң бекен.



Түштүккө бардың бекен, бардың бекен,
Мээринен тоё жутуп, кандың бекен.
Кымча бел уяң мүнөз кыздарына,
Ким билет, ашык болуп калдың бекен.

## КЫЯЛДАНУУ

Бул дүйнө сезимдерден сыртта калып,
Ойлордун кучагында термелемин.
Тапталып чабылбаган жайдак аттай,
Чылбырсыз, тизгини жок мен келемин.

## ЖААНДАН КИЙИН

Жагалданып жаз келгени байкалып,
Жакаларда жашыл шибер жайкалып
Жан жыргатар жакшынакай жыт келип
Жамгыр жаап, чакада суу чайпалып,
Жарк-журк этип чагылгандын оттору
Жалын чачат жаандын мизин кайтарып.

Коргологон жолоочулар от жагып,
Кол жылытып, бел чечинип курганат.
Окуранат аяк-башын силкинип,
Аса байлап, жар түбүндө турган ат.

Тоо-талаалар чыга түшүп өңүнө,
Табийгаттын жашарганы билинип.
Умтулууга убакыттар жол берип,
Улануудa жашыл аалам тирилик.

## ӨТКӨН КҮНГӨ КАРАСАК

Бул күндөрдүн үлпөтү көп шарактап
Биз ошону сиңирүүгө жарасак.

Өзүбүздүн бактыбызды кордобой,
Өткөн күнгө көңүл буруп карасак.
...Мекен койну кызыл жалын ичинде,
Куйкаланып, душман менен кармашып
Эрлер жүрдү. Ач-жылаңач биз калып,
Окуганбыз ачкалыкта арбашып.

Муун бошоп мүмкүн болбой басууга,
Каруу келбей калем кармап жазууга.
Бүтүн кийим жонубузга кийе албай,
Төшөнчү жок жерге салып жатууга.

...Ошол күндү кана кимдер унутат?
Айткылачы, оо адамдар, ачыгын!
Кээ бирөөлөр кесир кылат, ак нанды,
Баалай билбей бул турмуштун татымын.

## ЖИГИТТИК ДООР

Жигиттик доор, кереметиң зор эле,
Татаалдыкты сездирбеген тырнактай.
Башка кокус тоо сыяктуу иш түшсө,
А салмагын көрөр элем камгактай.

Жигиттик доор, кереметиң зор эле,
Мен өзүмдү жанар тоодой сезчү элем.
Кыздар менен таанышканда кол берип,
Кызыл жалын болуп дүрт деп кетчү элем.

Жигиттик доор, кереметиң зор эле,
Кыйла жерге аралаткан даңкымды.
Кырктан ашып, элүү сермеп кетипмин,
Мен кылчайып бир карасам артымды.

Жигиттик доор, кереметиң зор эле,
Кыйындыкты сездирбеген кылчалык,



Эгер сени сагынбасам бүгүн да,
Эстээр белем, эстээр белем мынчалык!

## СЕНСИЗ МЕН

Сенсиз мен бул турмушта жапжалгызмын,
Сенсиз мен канат байлап кантип учтум?
Сенсиз мен чексиз ойго чумуп калып,
Сенсиз мен баркын билбейм жайдын, кыштын!

Сенсиз мен сүйүү жытын искей албайм,
Сенсиз мен түк көңүлдүү иштей албайм,
Сенсиз мен толкуну жок көл сыяктуу,
Сенсиз мен эч нерсеге кумарланбайм.

Өмүрүмдүн жаркырак таңы сенсиң,
Сүйүүмдүн серүүндөгөн багы сенсиң.
Өзүңө төп келишер сөз табалбайм,
Мендеги сезимдердин баары сенсиң!

## КҮТКӨН СЕЛКИ

Ак жибектен көйнөк кийип делбиреп,
Алтын жайдын келгендигин белгилеп,
Ай чырайлуу кыялы артык жаш селки,
Алда кимди күткөндүгүн билдирет.

Кол алышып күтөр жерин белгилеп,
Койгон чыгар, койчу анысын ким билет.
Качан келет, кечикти го дегендей,
Эки көзүн жолдон албай телмирет.

Сүйүүдө бар бирин бири сагынар,
Бирде эркеп, бирде кайра таарынар.

Ошондуктан капа болбо, карындаш,
Таарынычтын таттуу кези табылар.

## КАРА ДЕҢИЗ ЖЭЭГИНДЕГИ ЫР

Кара деңиз шамал болсо шарпылдап,
Кайыктары суу үстүндө калкылдап.
Жээгиндеги эшилген кум элеси,
Күн нуруна алтын болуп жалтылдап.

Кыйкуулашып, ак чардактар, ак куулар,
Алыс учат канат кагып, сак куулар.
Шайыр экен, шаттуу экен кыздары,
Чын жүрөктөн кымбат белек тартуулар.

Токто курбум, бир карачы бурулуп,
Деңиз жээги кандай укмуш сулуулук!
Жан сергитер кубанч биилеп сезимди,
Жүрөгүмдү каптап турат жылуулук.

Ал жылуулук кооз болгар жеринен,
Ал жылуулук — боордош болгар элинен.
Көкүлү бар көк тиреген тоолорун
Көргөн сайын көңүл толкуп элирем.

Адырлары айдөөш тартып керилген,
Айрымасыз менин кыргыз жеримен.
Чаңкаганга ичиңиз деп суу сунган,
Болгар, кызы, унутпасмын сени мен!

## БҮГҮН МЕН

Бүгүн мен төшөгүмдө ооруп жаттым,
Кыймылдоого чама жок.
Соолуп жаттым,



Сакайсам жети атасын таанытпасам,
Кунарсыз оору деген боору таштын.

Тер кысып,
Денем ысып ооруп жаттым,
Башымды көтөрүүгө келбей чактым,
Айыксам,
Бир көзүнө көрсөтпөсөм
Көкөсүн оору деген бул чунактын!

## ӨСКӨН ЖЕРГЕ

Балапан чактан өскөн жер,
Балалык күнүм өткөн жер.
Бал татып тамчы сууларың,
Бакыттын нурун төккөң жер.

Талантка таасир эткен жер,
Таланттын сырын чечкен жер.
Таанытып айкын жолумду,
Таалайдын нурун сепкен жер.

Турасың дайым кебелбей,
Турпатың тууган энемдей.
Кичине кезден сүтүңдү,
Ким эмди эле мен эмбей.

Көбүнчө сенде жүргөмүн,
Көңүлдө ошол күндөрүм.
Көбүргөн терип жылгаңан,
Көп үздүм жыттуу гүлдөрүң.
Өзөнө дайым ыктадым,
Өзүнүң бойлоп чыкпадым.
Балык жыттуу суунду,
Балдай көрүп жуткамын.

## ОЙЛОРУМ

Ойлорум бийиктикте чабыттаган,
Ойлорум — канаттуу куш камыкпаган.
Ойлорум уч-кыйырсыз жолду басып,
Ойлорум спутниктей арыштаган.

Ойлорум мезгилдерден калышпаган,
Ойлорум — жаркын мүнөз карыкпаган.
Ойлорум доор менен тең жарышып,
Алыскы мейкиндикти багыттаган.

## ЖЕК КӨРӨМ

Мен жек көрөм алдаганды адамды
Мен жек көрөм абийири жок нааданды.
Мен жек көрөм тыйын үчүн алпуруп,
Тыйын үчүн жанын саткан саранды.

Мен жек көрөм акка кара жапканды,
Мен жек көрөм укпай тетир басканды.
Мен жек көрөм, өмүр бою жек көрөм,
Баш алынып, жазыксыз кан акканды.

Мен жек көрөм арам сырын катканды,
Жалган сөздү чындай кылып айтканды.
Мен жек көрөм буюмуна бирөөнүн,
Алкып бузуп, эки көзүп артканды.

Мен жек көрөм мансапкорду, анткорду,
Паракорду, иш кылбаган ак колду.
Мен жек көрөм илээндини, жойпуну,
Жана дагы сөз түшүнбөс аңкоону.



## АША КЕТИП ЖҮРБӨЙЛҮ

Эңсебедим мен мансапты,
Эңсебедим байлыкты.
Андай ишке ашыгуудан,
Адамдыгым айбыкты.

Мен салмактап бирдей көрөм,
Жокту жана барлыкты.
Согуш күндөр кандай эле,
Ошону эске алдыкпы?

Ырас курбум, ырыскыңа,
Кылбайм ичи тарлыкты.
Ал күндөрдү биз унутуп,
Аша кетип калдыкпы?!

## МАЗМУНУ


Ленинге . . . . . . . . 3
Партия . . . . . . . . 3
Сыймыктанам . . . . . . . 4
Туулган жерге ант . . . . . . 4
Ак калпак кийгизгендеги ыр . . . . 5
Улуу максат . . . . . . . . 5
Мыктылардын мыктысы . . . . . 6
Жайлоо элеси . . . . . . . 7
Белегим кыргыз комузу . . . . . 7
Күрдөөлдүү күз . . . . . . . 8
Көл симфониясы . . . . . . . 8
Чер . . . . . . . . . 9
Эмгек жашайт . . . . . . . 10
Жаздын күнү . . . . . . . 10
Толку, жүрөк . . . . . . . 11
Эне . . . . . . . . . 11
Кылым арымы . . . . . . . 12
Элестетет ак танды . . . . . . 12
Мен кырсыкты жеңгим келет . . . . 13
Менин катам . . . . . . . 14
Сени эстеп . . . . . . . . 14
Булар менде . . . . . . . 15
Аппак . . . . . . . . . 15
Жылдыздуу ыр . . . . . . . 15
Көлгө келеримде . . . . . . 16
Алп тоолор . . . . . . . . 16
Акын жана акылман . . . . . . 17
Түшүмдө көрдүм . . . . . . 17
Турмуш . . . . . . . . 18
Көрдүң бекен . . . . . . . 18
Кыялдануу . . . . . . . . 19
Жаандан кийин . . . . . . . 19
Өткөн күнгө карасак . . . . . 19
Жигиттик доор . . . . . . . 20
Сенсиз мен . . . . . . . . 21
Күткөн селки . . . . . . . 21
Кара деңиз жээгиндеги ыр . . . . 22
Бүгүн мен . . . . . . . . 22
Өскөн жерге . . . . . . . 23
Ойлорум . . . . . . . . 24
Жек көрөм . . . . . . . . 24
Аша кетип жүрбөйлү . . . . . 25

0 871
9 1.